# Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейинин 2021-2022-окуу жылына карата тарбия иштеринин отчёту

Окуу жылынын башында 2021-2022-окуу жылы үчүн иш планы каралып чыгып, бекитилди. Билим күнүнө карата айыл өкмөтүнүн, ардагер мугалимдердин, ата-энелердин катышуусу менен салтанаттуу линейка болуп өттү.



Окуу жылынын башталышында ар бир класстарда ачык сабактар өткөрүлдү. Сентябрь айында тоголок жетим, жарым жетим, жетишпеген үй бүлөөлөгү, ата-энеси чет өлкөгө кеткен окуучулардын тизмеси түзүлдү. Жалпы мектеп боюнча ата-энелер чогулушу өткөрүлүп, ата-энелер комитетинин курамы бекитилди. Мектеп парламенти түзүлүп, жаңы окуу жылына карата иш планы бекитилди. Мектеп ичинде ИДН менен бирдикте профилактика бөлмөсү уюштурулду. "Датказыйым" кыздар уюмунун иш планы каралып чыгып, бекитилди. «Датказыйым » кыздар менен жеке иш чаралар өткөрүлдү. Кыздар менен жана врач Касымбекова Д. Мектеп администрация класс жетекчилер менен тегерек стол өткөрүлдү. Мамлекеттик тил күнүнө карата "Кыргыз тили кылымдарды карыткан, эч ким аны унута албайт тарыхтан" темасында айлык жарыяланып, дил баяндардын конкурсу, ачык сабактар өткөрүлдү. Ошондой эле кыргыз тил мугалимдери сахналаштырылган чакан концерт уюуштурулду бул сабак өз максатына жетти. Класс жетекчилер менен сабакка көп келбеген окуучулар, жардамга муктаж болгон окуучулардын үйлөрүнө барып, ата-энелери менен аңгемелешүү жүргүзүлдү. Ата – энелер менен үч тараптуу келишим түзүлдү

Сентябрь айында Кыргыз тилинин мамлекеттик тил күнүнө карата бир катар ачык сабактар өтүлүп, кыргыз тилинин баалуулугун, барктуулугун далилдеп кетишти. Атап кетсек, кыргыз тил мугалими Момункулова Н. "Эне тилим эчен кылым карыткан, эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан", Чымырова Ж. "Менин тилим- кыргыз тили" ж.б. Тил жумалыгы өткөрүлүп, окуучулардын дилбаяндарына конкурс жарыяланып жыйынтыгы чыкты. Бул конкурста 10 класстын окуучусу Бактыбекова Назиранын, 11 класстын окуучусу Арслан к. Алиянын иштери жактырылды.

Карылар күнүнө карата октябрь айында тимурчулар командасы ардагер мугалимдерге, согуштун ветерандарына жардам көрсөтүштү. Мындан тышкары карыларга жана жетимдерге чакан концерт тартуулашты.

Ушул эле айда "Алтын күз" жарманкесы да өткөрүлдү. Бул иш-чарага бардык класстар активдүү катышып, жакшы жыйынтыктарга ээ болушту.

Жалпы мектеп боюнча "Алтын күз" жарманкесы өткөрүлүп, алдыңкы класстар мактоо баракчалары менен сыйланышты.

Сентябрь айында "Кыздар жана жаштар" темасында чогулуш өткөрүлүп, айылдык аялдар комитетинин мүчөсү Жамангартова Ж. катышты. Ошондой эле бул чогулушка «Датказыз» кыздар совети да катышты. Бул чогулушта кыздардын тартиби жана өзүн кандай алып жүрүүсү боюнча көп суроолор каралды.

"Ишеним почтасы" үзгүлтүксүз жана окуучулардын түшкөн каттар менен жыл ичинде таанышып, тиешелүү чаралар көрүлүп турат.

Октябрь айында 1-октябрь карылар күнүнө карата окуучулардын жардамы менен ардагер мугалимдерге концерт уюштурулуп белектер берилди. Мындан тышкары мектепте уюштурулган "Тимурчулар" командасы жардамга муктаж болгон ардагер агайэжейлерге жардам бере алышты. Ардагер мугалимдер Асанбаев Мустапа, Алымбаев Жайылкан, Жапаева Бурмакан жана башка ардагер мугалимдер окуучуларга берген жардамы үчүн ыраазычылык билдиришти.

Бул айда тартибин оор, мектеп ичинде учётто турган 11-а классынын окуучусу Алыбек у. Бекназар, 9-г классынын окуучусу Алыбек у. А., Зарылбеков У. 10-г классынын окуучусу Абдылдаканов К. жана башка ушул сыяктуу окуучулардын үйлөрүнө ЖОИнын кызматкерлери, класс жетекчилер менен бирге рейд жүргүзүлүп, ата-энелер менен аңгемелешти. Мугалимдер күнүнө карата мектеп парламенти тарабынан уюштурулган чакан концерт өткөрүлдү.

Октябрь айында мугалимдер күнүнө карата "Мугалим- мээлүү дарак" аттуу темада ачык сабактар болуп өттү. Ачык сабактар өз максатына жетти. ИДНдин кызматкерлери тарабынан мектеп окуучуларынын арасында налог салуу кылмыштуулугун болтурбоо жана аны алдын алуу иштери боюнча лекция окулду. ИДН тарабынан мектепте кылмыштуулуктун алдын алуу чогулушу ай сайын болуп өттү. ИДН тарабынан Наркоманиянын, тамеки тартуу, коррупциянын, суициддин алдын алуу боюнча ачык тарбиялык сааттар өткөрүлүп жана аларга класс жетекчилер тарбиячылар катышты.

Декабрь айында СПИДке каршы күрөшүү күнүнө карата "Биз СПИДке каршыбыз" темасында тегерек стол өткөрүлдү. Бул иш-чарага райондук мамлекеттик администрациянын, айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, аялдар комитетинин мүчөлөрү катышып, окуучулардын ой-пикирлерин угушту.



Декабрь айынын аягында жаңы жылдык "Балаты" майрамы өткөрүлдү. Бул майрамга айыл өкмөтүнүн соцкумушчусу Кыргызбаева Чолпон тегелек, жарым жетимдерге, аз камсыз болгон үй бүлөдөгү окуучуларга жаңы жылдык белек беришти.



Класс жетекчилер, администрация, ИДНдин кызматкерлеринен турган атайын топ түзүлдү. 8-11-класстын класс жетекчилеринен түзүлгөн топтор өз убагында текшерүү жүргүзүп турушту. Ар бир класс жетекчи тартиби оор окуучулар менен иш алып барып турушат. Бул окуучулардын ата-энелери менен тыгыз байланышта болуп, окуучулардын тартиби көзөмөлгө алынып турду. Мектеп боюнча сабакка келбей жаткан окуучу жок.

Февраль айында "Кана эмесе жигиттер", март айында "Кана эмесе кыздар" спорттук мелдештер өткөрүлүп жеңген класстар грамота менен сыйланышты.

Март айында 5-март Ак калпак күнүнө карата линейка өткөрүлүп, кыргыз элинин улуттук баш кийиминин барктуулугу даңазаланды.



10-б классында Акунова Айида "Атындан кагылайын алтын апа" темасында апалар күнүнө карата тарбиялык саатты өткөрдү. Ушундай эле тарбиялык саатарды 3-г классында Тезекова Г., 2-б класста Токтобаева Д. өтүшту.



Март-май айларында класс жетекчилер менен бирге күндүзгү жана түнкү рейддерди күчөтүшүп, окуучулар менен Ватсап аркылуу байланышып турушту.

2022-2023-окуу жылы үчүн тарбия иштеринин милдеттери:

1. Окуучулардын күндөлүгүнүн толтурулушун көзөмөлгө алуу.
2. Күндүзгү жана түнкү рейддерди күчөтүү.
3. Тарбиясы оор окуучулар менен иштөөнү күчөтүү.
4. Учёттогу окуучулар менен иш алып баруу.